**ЧЫГЫШ ТААНУУНУН МАСЕЛЕЛЕРИ**

ВОПРОСЫ ВОСТОКОВЕДЕНИЯ

ISSUES OF ORIENTAL STUDIES

**e-ISSN: 1694-8653**
№1/2026, 237-250

**УДК: 314.04.09**
**DOI:** 10.52754/16948653_2026_1_23

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮШТҮК АЙМАГЫНДАГЫ ЭТНОДЕМОГРАФИЯЛЫК ПРОЦЕССТЕР: КАЛКТЫН САНЫНЫН ДИНАМИКАСЫ ЖАНА УЛУТТУК КУРАМЫНЫН ӨЗГӨРҮҮСҮ

ЭТНОДЕМОГРАФИЧЕСКИЕ ПРОЦЕССЫ В ЮЖНОМ РЕГИОНЕ КЫРГЫЗСТАНА: ДИНАМИКА ЧИСЛЕННОСТИ НАСЕЛЕНИЯ И ИЗМЕНЕНИЕ НАЦИОНАЛЬНОГО СОСТАВА

ETHNODEMOGRAPHIC PROCESSES IN THE SOUTHERN REGION OF KYRGYZSTAN: POPULATION DYNAMICS AND CHANGES IN ETHNIC COMPOSITION

**Чыныкеева Гулназ Эргешалиевна**
*Чыныкеева Гулназ Эргешалиевна*
*Chynykeeva Gulnaz Ergeshalievna*

**тар.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.и.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Associate Professor, Osh State University*
gchynykeeva@oshsu.kg

---

**Алайчиев Эрнисбек Каныбекович**
*Алайчиев Эрнисбек Каныбекович*
*Alaichiev Ernisbek Kanybekovich*

**г.и.к, Ош мамлекеттик университети**
*г.и.к., Ошский государственный университет*
*Associate Professor, Osh State University*
alaichiev@oshsu.kg

---

**Осмонова Самара Курбаналиевна**
*Осмонова Самара Курбаналиевна*
*Osmonova Samara Kurbanalievna*

**тар.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.и.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Associate Professor, Osh State University*
sosmonova@oshsu.kg

---

**Нурматова Бегаим**
*Нурматова Бегаим*
*Nurmatova Begaim*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*Master's Student, Osh State University*
nurmatovabegayim@gmail.com

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮШТҮК АЙМАГЫНДАГЫ ЭТНОДЕМОГРАФИЯЛЫК ПРОЦЕССТЕР: КАЛКТЫН САНЫНЫН ДИНАМИКАСЫ ЖАНА УЛУТТУК КУРАМЫНЫН ӨЗГӨРҮҮСҮ

**Аннотация.** Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнөн кийинки жылдары рынок экономикасынын шарттарында социалдык-экономикалык жана саясий реформалардын жүрүшү, өлкөдөгү ар тараптуу кыйынчылыктар, анын калкынын өнүгүү динамикасына, курамына жана мүнөзүнө өз таасир тийгизди. Ошондуктан, учурда республикадагы этнодемографиялык процесстерди терең жана ар тараптуу изилдөө учурдагы актуалдуу маселелердин бири болуп саналат. Макалада 1989-жылдан 2022-жылга чейинки мезгилде Кыргызстандын түштүк аймагындагы калктын санынын динамикасы жана улуттук курамынын өзгөрүүсүнө этносоциологиялык изилдөө жүргүзүү менен учурдагы абал боюнча статистикалык маалыматтар жана этнодемографиялык процесстер талданат. Этнодемографиялык өзгөрүүлөргө таасир этүүчү негизги факторлору болуп, калктын өсүүсү, миграциялык процесстер жана социалдык-экономикалык шарттар каралган. Этностор аралык мамилелерге жана анын демографиялык кырдаалга тийгизген таасирине өзгөчө көңүл бурулат. Маалыматтардын мүнөздөмөлөрүнө жана этносоциологиялык изилдөөлөрдүн натыйжаларына таянуу менен этностор аралык өз ара аракеттенүүнү жакшыртуу боюнча сунуштар берилет, анткени, ал коомдук туруктуулукту жана негиздерди камсыз кылуунун зарыл шарты болуп саналат.

***Ачкыч сөздөр:*** демография, этнос, калк, калктын өсүү динамикасы, улут, табигый өсүү, миграция, социалдык-экономикалык абал, этнодемографиялык процесстер, дискриминация, “латенттүү” жагдай

***Этнодемографические процессы в южном регионе кыргызстана: динамика численности населения и изменение национального состава***

**Аннотация**
После обретения Кыргызской Республикой независимости, в условиях рыночной экономики проводились социально-экономические и политические реформы. Разнообразные трудности, с которыми сталкивалась страна, оказывали влияние на динамику, состав и характеристики населения. Поэтому изучение этнодемографических процессов в республике является одной из актуальных задач современности.
В статье проводится этносоциологическое исследование изменения численности населения и национального состава в южном регионе Кыргызстана за период с 1989 по 2022 годы. Анализируются статистические данные и этнодемографические процессы, определяются основные факторы изменений — рост населения, миграционные процессы и социально-экономические условия. Особое внимание уделяется межэтническим отношениям и их влиянию на демографическую ситуацию.
На основе характеристик данных и результатов этносоциологических исследований даются рекомендации по улучшению межэтнического взаимодействия, поскольку это является важным условием обеспечения общественной стабильности.

***Ключевые слова:*** демография, этнос, население, динамика роста населения, национальность, естественный прирост, миграция, социальноэкономическое положение,

***Ethnodemographic processes in the southern region of kyrgyzstan: population dynamics and changes in ethnic composition***

**Abstract**
Following the independence of the Kyrgyz Republic, socio-economic and political reforms were implemented under the conditions of a market economy. The various challenges faced by the country influenced the population’s development dynamics, composition, and characteristics. Therefore, the study of ethnodemographic processes in the republic is one of the current relevant issues.

This article presents an ethno-sociological study of the population dynamics and changes in the ethnic composition in the southern region of Kyrgyzstan during the period from 1989 to 2022. Statistical data and ethnodemographic processes are analyzed, with key factors affecting these changes identified, including population growth, migration processes, and socio-economic conditions. Special attention is given to interethnic relations and their impact on the demographic situation.

Based on data characteristics and the results of ethno-sociological studies, recommendations are provided to improve interethnic interaction, as this is an essential condition for ensuring social stability.

***Keywords:*** demography, ethnic group, population, population growth dynamics, nationality, natural increase, migration, socio-economic status, ethnodemographic processes, discrimination, “latent” situation

этнодемографические процессы, дискриминация, «латентная» ситуация

**Киришүү**

Акыркы мезгилдерде социалдык, экономикалык жана саясий жагдайдын негизинде Кыргызстандын түштүк аймагындагы Баткен, Жалал-Абад жана Ош облустарында калктын өсүү динамикасында жана андагы этностордун сандык көрсөткүчтөрүндө айырмачылыктар байкалууда. Кээ бир этностор миграция процессинин негизинде азайууга дуушар болууда. Ошого байланыштуу, 1989-жылдан 2022-жылга чейинки Кыргызстандын түштүк аймагындагы калктын курамындагы этносторду ар тараптан изилдөө жүргүзүү менен учурдагы абал боюнча маалыматтардын сандык көрсөткүчтөрүнө анализ жасоого аракет жасап көрөлү.

**Теманын актуалдуулугу.** Кыргызстандын түштүк аймагында жалпы республиканын калкынын 52.5%ын түзүп, калктын басымдуу бөлүгүнүн орун алуусу, төрөлүү жана никелешүүнүн салыштырмалуу жогорулуугу менен мүнөздөлгөн аймак катарында белгилүү. Ошону менен катар акыркы мезгилдердеги статистикалык маалыматтарга таянганда Баткен, Жалал-Абад, Ош облустарында жана республикадагы калкынын саны боюнча экинчи орунда турган Ош шаарында калктын өсүү динамикасында, андагы этностордун сандык көрсөткүчтөрүндө айырмачылыктар байкалууда. Ошого байланыштуу аймактагы калктын курамындагы этностордун өсүү динамикасындагы өзгөчөлүктөрдү иликтөө, ага баа берүү учурдун талабы болуп саналат жана анын зарылдыгы келип чыгат.

**Изилдөөнүн максаты.** Кыргызстандын түштүк аймагында жайгашкан калктын өсүү динамикасына жана андагы этностордун сандык көрсөткүчтөрүнө анализ жасоо жана анын себептерин иликтөө жүргүзүү менен учурдагы абалына этнодемографиялык баа берүү.

**Изилдөө обьектиси** – Кыргызстандын түштүк аймактарында жайгашкан калк жана андагы этностор болуп саналат.

**Изилдөөнүн материалдары жана ыкмалары.** Изилденүүчү аймактагы калктын өсүү динамикасындагы этностордун сандык жактан өзгөчөлүктөрүн изилдеп үйрөнүү багытындагы Ата Мекендик жана чет элдик окумуштуулардын эмгектерин пайдаланып, этнодемографиялык процесстерди ачып көрсөтүү үчүн этносоциологиялык сурамжылоо жүргүзүлдү.

Бул изилдөөдө респонденттерди сурамжылоо, статистикалык маалыматтарды талдоо, жергиликтүү тургундар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү менен сүйлөшүүлөр, изилдөөгө алынган материалдарды талдоо максатында этнографиялык, демографиялык, статистикалык, салыштырмалуу байкоо жүргүзүү жана географиялык ыкмалар колдонулду.

Кыргызстандын түштүк аймактарында жүргүзүлгөн этносоциологиялык изилдөөнүн материалдары изилдөөнүн булагы болуп саналат. Этносоциологиялык изилдөө 2019-жылы жүргүзүлүп, «Кыргызстандын түштүгүндөгү миграциялык жана этнодемографиялык процесстер» (илимий жетекчиси, тарых илимдеринин кандидаты, доцент Г.Э. Чыныкеева) аттуу ири илимий долбоордун алкагында жүргүзүлгөн. Иликтөөлөр Баткен, Жалал-Абад жана Ош облустарында жүргүзүлгөн. Этносоциологиялык изилдөө жүргүзүү үчүн Кыргызстандын

түштүгүндөгү шаарлар жана айылдар тандап алуу ыкмасы менен тандалып алынган. Бардык стационардык изилдөө пункттары изилдөө аймагынын бардык калктуу пункттарын мүнөздөйт. Этносоциологиялык изилдөөнүн материалдары талаа изилдөөлөрүнүн маалыматтары менен толукталды. Тандоодо негизги көңүл калктын этникалык курамына бурулган. Сурамжылоо кыргыз тилинде жүргүзүлгөн. Калктын демографиялык процессинин толук абалын берүү үчүн статистикалык маалыматтар, эл каттоонун материалдары жана башка көптөгөн материалдар пайдаланылган (Баткен, Жалал-Абад жана Ош облустарындагы этносоциологиялык изилдөөлөр боюнча долбоордун жалпы материалдары, 2019-2021, 300 б.).

**Изилдөөнүн жыйынтыктары.** 2022-жылдагы расмий түрдө калкты жана турак жай фондун каттоо материалдарына ылайык Кыргыз Республикасы көп улуттуу мамлекет болуп эсептелет (таблица №1).

**Таблица №1.** ***Кыргыз Республикасынын этникалык курамы*** (2022-жылдагы КРдагы эл жана турак жай фондун каттоо: II-китеп (Биринчи бөлүк) таблицаларда: Кыргызстандын калкы, 2023, 381б).

| *Улуттар* | *1999* | *%* | *2009* | *%* | *2022* | *%* |
|---|---|---|---|---|---|---|
| *Кыргыз Республикасы Баардык калк:* | 4 822 938 | | 5 362 793 | | 6 936 156 | |
| *кыргыздар* | 3 128 147 | 64,9 | 3 804 788 | 71,0 | 5 379 020 | 77,6 |
| *өзбектер* | 664 950 | 13,8 | 768 405 | 14,3 | 986 881 | 14,2 |
| *орустар* | 603 201 | 12,5 | 419 583 | 7,8 | 282 777 | 4,1 |
| *дунгандар* | 51 766 | 1,1 | 58 409 | 1,1 | 66 525 | 1,0 |
| *тажиктер* | 42 636 | 0,9 | 46 105 | 0,9 | 59 895 | 0,9 |
| *уйгурлар* | 46 944 | 1,0 | 48 543 | 0,9 | 31 559 | 0,4 |
| *казактар* | 42 657 | 0,9 | 33 198 | 0,6 | 28 244 | 0,4 |
| *түрктөр* | 33 327 | 0,7 | 39 133 | 0,7 | 22 074 | 0,3 |
| *азербайжандар* | 14 014 | 0,3 | 17 267 | 0,3 | 17 359 | 0,2 |
| *татарлар* | 45 438 | 0,9 | 31 424 | 0,6 | 11 219 | 0,2 |
| *күрддөр* | 11 620 | 0,2 | 13 171 | 0,3 | 10 733 | 0,1 |
| *Индии жана Пакистан элдери* | 506 | 0,0 | 1 319 | 0,0 | 8 310 | 0,1 |
| *корейлер* | 19 784 | 0,4 | 17 299 | 0,3 | 5 900 | 0,1 |
| *украиндер* | 50 442 | 1,0 | 21 924 | 0,4 | 3 875 | 0,1 |
| *немистер* | 21 471 | 0,4 | 9 487 | 0,2 | 2 831 | 0,0 |
| *башка этникалык топтор* | 46 035 | 1,0 | 32 738 | 0,6 | 18 954 | 0,3 |

Республиканын калкы 1999-жылы 4822938 адамды, 2009-жылы 5362793 адамды, 2022-жылы 6936156 адамды түзгөн. Алардын ичинен кыргыздар 1999-жылы 3 128 147, 2009-жылы 3 804 788, 2022-жылы 5 379 020 болгон. Алсак, 1999-жылы 676,6 миң адамга көбөйсө, 2009-жылы 71%ды түзсө, 2022-жылы 2009-жылы 1574,2 миң адамга өсүп, 77,6% түзгөн. Учурда Кыргызстанда бир нече улуттар бар, 2022-ж. эл каттоонун маалыматы боюнча анын ичинен,

кыргыздар - 77,6% ды, өзбектер - 14,2% ды, орустар - 4,1% ды, дунгандар – 1,0% ды, тажиктер - 0,9% ды жана башка улуттар - 2,33%ды түзөт.

Бул маалыматтар боюнча республикада негизинен кыргыз жана өзбек улуттары сандык жактан 91,78%ды түзүү менен калктын басымдуу катмары болуп эсептелет. Демек, калктын санынын динамикасы өсүү темпин көрсөтүүдө жана табыгый өсүү байкалууда [3]. Калктын санынын өсүүсүнө таасирин тийгизген төрөлүү процессин тереңирээк билүүдө жана бир топ тенденцияларын аныктоодо этносоциологиялык изилдөөлөрдөгү материалдарга таянсак, төмөнкү көрүнүш байкалат жана тиешелүү суроолор этносоциологиялык сурамжылоодо атайын берилген (таблица №2).

**Таблица №2.** ***Көп балалуу болгуңуз келеби?*** *Облустар боюнча Кыргызстандын түштүгүндөгү миграциялык жана этнодемографиялык процесстер (Баткен, Жалал-Абад жана Ош облустарындагы этносоциологиялык изилдөөлөр) боюнча долбоордун жалпы материалдары. – 2019-2021. – 300 б.*

| | | | *Облустар* | | | | *Баары* |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | *Ош ш.* | *Баткен о.* | *Ош о.* | *Жалал-Абад о.* | |
| | ооба | Саны | 112 | 449 | 333 | 551 | 1445 |
| | | Саптан % | 7,8% | 31,1% | 23,0% | 38,1% | 100 |
| | | Жалпыдан % | 6,3% | 25,3% | 18,8% | 31,0% | 81,4% |
| | жок | Саны | 14 | 98 | 132 | 87 | 331 |
| | | Саптан % | 4,2% | 29,6% | 39,9% | 26,3% | 100 |
| | | Жалпыдан % | 0,8% | 5,5% | 7,4% | 4,9% | 18,6% |
| Баары | | Саны | 126 | 547 | 465 | 638 | 1776 |
| | | Саптан % | 7,1% | 30,8% | 26,2% | 35,9% | 100 |
| | | Жалпыдан % | 7,1% | 30,8% | 26,2% | 35,9% | 100 |

“Көп балалуу болгуңуз келеби?” деген суроого облустар боюнча катышын карап көрсөк. Баткен облусу - 25,3%, Ош облусу – 18,8%, Жалал-Абад облусу – 31% жана Ош шаары – 6,3% “ооба” деп жооп беришип, 81,4% түзсө, ал эми Баткен облусу - 5,5%, Ош облусу – 7,4%, Жалал-Абад облусу – 4,9% жана Ош шаары – 0,8% “жок” деп жооп беришип, 18,6% түздү.

Республикада мамлекет тарабынан этностор аралык ынтымактын жетишээрлик жогорку деңгээлин түзүү менен, ар түрдүү этностордун маданий көп түрдүүлүгүн, каада-салттарын урматтоого багытоо, улуттар аралык ынтымакты колдоого жана элдердин маданиятын, каада-салтын жайылтуу жаатындагы долбоорлор, көптөгөн мамлекеттик жана коомдук уюмдар, адистештирилген демилгелер иш алып барууда. Өлкөдө этностор аралык ынтымак боюнча улуттук кеңеш түзүлүп, маданий көп түрдүүлүктү жайылтууга жана ар улуттун өкүлдөрүн жакындатууга багытталган көптөгөн аймактык жана эл аралык деңгээлдеги тарбиялык иш-чаралар өткөрүлүп келүүдө (Чыныкеева, 2016).

Негизинен аймактагы эки улуттун, тактап айтканда, кыргыздар жана өзбектер сандык жактан басымдуу катмарды түзгөндүктөн, алардын өсүү динамикасына байкоо жүргүзөбүз (таблица №3).

**Таблица №3.** ***Кыргызстандагы кыргыздардын, өзбектердин жана башка улуттардын санынын динамикасы (https://stat.gov.kg/ru/)***

| *Улуттар* | *1989-жыл* | *1999-жыл* | *%* | *2009-жыл* | *%* | *2022-жыл* | *%* |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| *Кыргызстандын жалпы калкы* | 4 257 755 | 4 822 938 | 13,27% | 5 362 793 | 11,19% | 6 636 803 | 3,87% |
| *Кыргыздар* | 2 229 663 | 3 128 147 | 40.29% | 3 804 788 | 21,63% | 4 896 186 | 4,27% |
| *Өзбектер* | 550 096 | 664 950 | 20.87% | 768 405 | 15,55% | 985 358 | 4,75% |
| *Башка улуттар* | 1 477 996 | 1 029 837 | -30.33% | 789 600 | -30,42% | 755 259 | - 39,45% |
| *Ош обл.* | 712 643 | 943 566 | 32,24% | 1 104 248 | 17,02% | 1 391 649 | 3,71% |
| *Кыргыздар* | 467 612 | 647 422 | 13,84% | 758 036 | 17,08% | 937 116 | 3,25 |
| *Өзбектер* | 205 858 | 261 776 | 27,16% | 308 688 | 17.92% | 407 270 | 4,66% |
| *Башка улуттар* | 39 173 | 34 368 | -12,27% | 37 524 | 9,18% | 47 263 | 4,54% |
| *Ош шаары* | 222 120 | 232 432 | 4,64% | 258 111 | 11,0,4% | 322 164 | 7,57% |
| *Кыргыздар* | 66 656 | 103 173 | 54,78% | 123 738 | 19,93% | 165 169 | 9,19% |
| *Өзбектер* | 93 767 | 103 870 | 10,77% | 114 036 | 9,78% | 137 601 | 6,70% |
| *Башка улуттар* | 61 697 | 25 389 | -43,30% | 20 337 | -24,84% | 19 394 | 0,56% |
| *Жалал-Абад обл.* | 743 279 | 869 259 | 16,94% | 1 009 889 | 16,18% | 1 260 617 | 3,80% |
| *Кыргыздар* | 452 868 | 607 036 | 34,04% | 725 321 | 19,48% | 904 851 | 3,68% |
| *Өзбектер* | 175 705 | 212 030 | 20,67% | 250 748 | 18,26% | 323 157 | 4,46% |
| *Башка улуттар* | 114 706 | 50 193 | -71,48% | 33 820 | - 51,59% | 32 609 | 0,71% |
| *Баткен обл.* | 311 761 | 382 426 | 22,26% | 428 636 | 20,08% | 548 247 | 4,40% |
| *Кыргыздар* | 204 997 | 284 110 | 38,59% | 327 739 | 15,35% | 424 129 | 4,50% |
| *Өзбектер* | 45 201 | 55 104 | 21,90% | 63 048 | 14,41% | 79 887 | 4,19% |
| *Башка улуттар* | 61 563 | 43 212 | -29,80% | 37 849 | -14,16% | 44 231 | 2,07% |

Таблицада көрүнүп тургандай, Кыргызстандын түштүгүндө этнодемографиялык процесстер - кыргыздар менен өзбектердин өсүшү, башка улуттардын санынын кыскарышы менен мүнөздөлөт. Андыктан, аймактагы этностук курамдын өзгөрүшү социалдык-экономикалык шарттарга таасир берип, этностук тең салмактуулукту сактоо жана улуттар аралык ынтымакты камсыз кылуу үчүн маанилүү болуп саналат.


Кыргызстандын жалпы калкынын өсүү динамикасы 1989-жылдан тартып, 2022-жылга чейинки аралыкта 62,91% көбөйгөн. Анын ичинен калктын өсүү темпи боюнча жогору көрсөткүчтөгү улуттардан - кыргыздар 124,25%, дунгандар 80,15%, өзбек улуту 79,40%, тажиктер 78,69%, Индия жана Пакистандык элдер 16 эсеге чейин жогорулаган. Ал эми аймактагы соцалдык-экономикалык жагдайдын таасиринин негизинде тарыхый өз мекендерине көчүп кетүү менен сандык жактан жылдан-жылга кескин азайып бара жаткан улуттарга немистер - 36 эсе, украиндер - 28 эсе, татарлар - 6 эсе, корейлер – 3 эсе жана орустар - 3 эсеге чейин төмөндөгөн. Тактап айтканда, тарыхый мекендеп келген эл, негизинен, бул

аймакта калса, тескерисинче, XIX-XX кылымдарда көчүп келген улуттар кайрадан өз мекенине көчүп кетүүсү менен алардын ордун Индия жана Пакистан элдери толуктап жаткандыгын көрүүгө болот (Алайчиев, 2011, 116-б).

Ал эми Кыргызстандын түштүк аймагындагы Баткен, Жалал-Абад, Ош облустарындагы жана Ош шаарындагы калк жалпы Кыргызстандын 52,56 % түзүү менен демографиялык процесстердеги табигый өсүүдөгү төрөлүү, өлүү, никелешүү жана ажырашуу көрсөткүчтөрү жогору аймак болуп эсептелгендигине байланыштуу демографиялык процесстерге анализ жасоо менен учурдагы жагдайларда айырмачылыктарды байкоого болот (Жоробеков, 1996, 246-б; Жоробеков, 1998, 293-с).

1989-2022-жылдар арасында калктын сандык өсүү темпи - 83,24% болуп, жалпы Кыргызстандагы калктын өсүү көрсөткүчүнөн 20,33% га жогору экендиги байкалат. Изилденүүчү аймакта жайгашкан калктын улуттар арасындагы өсүү динамикасы бирдей эмес. Алсак, 1989-2022-жылдар арасында кыргыздар - 117,20% га, өзбектер - 82,90% га, тажиктер - 65,0% га, Индия жана Пакистан элдери - 28 эсеге, түрмөндөр - 7 эсеге жогорулаган. Бирок, ошол эле учурда татарлар - 16 эсеге, орустар - 10 эсеге, казактар - 32,9% га, азербайжандар - 27,8% га, уйгурлар - 13,7% га чейин кескин азайып бара жаткандыгын көрүүгө болот (диаграмма №1).


**Диаграмма №1.** *Кыргызстандын түштүк аймагындагы этностордун сандык көрсөткүчтөрү.*




Диаграммада көрүнүп тургандай, негизинен калктын басымдуу бөлүгү 8 улуттан турат. Ал эми изилденүүчү аймактагы административдик жагынан Баткен, Жалал-Абад Ош облустарындагы жана Ош шаарындагы калкты өз алдынча анализ жүргүзүү менен калктын этностук курамындагы демографиялык процесстерде да айырмачылыктарды байкоого болот.

Баткен облусу боюнча 1989-2022-жылдарда калктын өсүү темпи жалпы - 80,10% ды түзсө, анын ичинен, түркмөндөр - 126,30% га, кыргыздарда - 116,40% га, өзбектер - 70,90% га, тажиктер - 64,60% га, жогорулаган. Аймакта башка улуттар гректер - 66 эсе, башкирлер - 42 эсе, корейлер - 20 эсе, украиндер - 16 эсе, чечендер - 12 эсе, орустар - 10 эсе, азербайжандар уйгурлар - 2 эсе жана башка улуттар - 3 эсеге чейинки калктын азайгандыгын байкоого болот (диаграмма №2).

**Диаграмма №2.** *Баткен облусундагы этностордун динамикасындагы сандык көрсөткүчтөр.*




Диаграммада көрүп тургандай, аймактагы төрт улуттун өкүлдөрү, тактап айтканда, кыргыз, өзбек, тажик жана түркмөндөрдө табигый өсүү сандык жактан жогорулаганы менен, калган улуттарда калктын кескин төмөндөп бара жаткандыгы байкалууда. Ал негизинен аймактагы социалдык-экономикалык фокторлордун таасиринде, дагы деле тышкы миграциянын себептеринин негизинде болгондугу байкалат. Баткен облусу республиканын түштүк-батыш аймагында орун алып, географиялык жактан борбордон алыс жайгашуусу, калктын социалдык-экономикалык абалынын башка аймактарга салыштырмалуу төмөндүгү жана жумушсуздук маселелери орун алгандыктан, жергиликтүү элдердин башка аймактарга жана тарыхый мекенине биротоло көчүп кетүүгө дуушар болгондугу байкалууда (Жоробеков, 1998, 293 с.).

Бул маселерди ачыктоо жана тактоо максатында 2024-жылдын октябрь жана ноябрь айларында «Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык процесстер» (илимий жетекчиси, география илимдеринин кандидаты, доцент Э.К. Алайчиев) аттуу илимий долбоордун алкагында Баткен облусундагы эки шаарга (Баткен жана Кадамжай), төрт айылга (Кулунду, Андарак, Кара-Бак, Үч-Коргон) экспедиция уюштурулуп, этнодемографиялык жактан этносоциологиялык сурамжылоо жүргүзүлдү. Сурамжылоого 400 адам катышты. Облустун районундагы бул төрт айылындагы жергиликтүү калктын учурда төмөндөгү көйгөйлөрү такталды (Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык процесстер (Баткен, Жалал-Абад жана Ош облустарындагы этносоциологиялык изилдөөлөр) долбоору боюнча экспедициянын материалдары, 2024).

- Айылдагы калктын социалдык-экономикалык жагдайлары Кыргызстандын башка калктуу пункттарына караганда начарлыгы, үй-бүлөлүк кирешенин төмөндүгү жана кирешенин күнүмдүк керектөөгө жетпегендиги. Алсак, аймактагы жумушсуздук бир үй-бүлөдөгү орточо алганда эмгекке жарамдуу эмгек ресуртарынын 80% ы жумуш менен камсыз болбогондугу, башка аймактарга көчүп кетүүсү жана алардын 60% га жакыны кайрадан кайтып келбөө максатары менен кеткендиги сурамжылоодо маалым болду.


- Аймактагы демографиялык маселелердин келип чыгышына жаштар арасында үй-бүлө куруудагы никелешүү процессиндеги жаш курагынын жылдан жылга жогорулашы байкалат Алсак, эркектер 27-30 жаш, аялдар 25-28-жашты түзүп, 1989-жылга салыштырмалуу никелешүү курагы 5-6 жашка жогорулаган. Анын негизинде, кыргыз улутундагы үй-бүлөлөрдө балдарынын саны төмөндөгөн.

Кыргызстан менен Тажикстандын ортосундагы чек ара маселеси, аймакта саясий абалдын чыңалуусу (2022-жылдагы) этностор аралык саясий маселенин пайда болуусуна алып келген. Анын негизиндеги кыргыз жана тажик этносторунун ортосундагы "Латенттүү" жагдай пайда болуп, бири-бирине ишенбөөчүлүктүн жана ынанымдын жоголушу алып келген. Мисалы, Андарак айылындагы тажик улутундагы калктан сурамжылоо жүргүзгөндө "Латенттүү" абалдын бар экендиги байкалды жана алар иденттүүлүктү сактоо негизги максат экендигине басым жасашкан.

Ошону менен катар, аймактагы кыргыз улутуна караганда тажик улутундагы калктын миграциялык процесстеги кыймылы солгун. Тактап айтканда, кыргыз улутундагы калк негизинен чек арага жакын жайгашкан Интернационал, Кулунду жана Раззаков айылынын калкынын көпчүлүк бөлүгү Чүй жана Ош облусуна көчүп кетип, өздөрү жашаган турак-жайларды, малк-мүлктөрдү сатып кетип жаткандыгы маалым болду. Ал сатылган кыймылсыз мүлктөрдү (жер үй, үлүшкө берилген жерлери, бактары, мал сарайлары ж.б.) коңшу айылдагы жергиликтүү тажик улутунун өкүлдөрү алып жаткандыгы сурамжылоо мезгилде такталды. Жыйынтыгында, кыргыз айылдары акырындык менен башка улуттун өкүлдөрүнүн айылына айланып бара жаткандыгы көрүүгө болот.

Ал эми Жалал-Абад облусундагы 1989-2022-жылдары калктын өсүү көрсөткүчү 76,38% га жогорулаган. Анын ичинен, улуттар арасында калктын динамикасында кыргыздар - 109,57% га, өзбектер - 83,92% га, тажиктер - 55,97%, Индия жана Пакистан элдери - 20 эсе, кытайлар - 7 эсеге, арабтар - 4 эсе, түрмөндөр - 3,5 эсеге чейин жогору болгон. Ал эми, тескерсинче, кескин азайууга дуушар болгон улуттарга: немистер - 77 эсе, чуваштар - 36 эсе, белорустар - 31 эсе, крым татарлары - 26 эсе, орустар - 11 эсе, корейлер, курддар, грузиндер, армяндар, башкирлер - 2-10 эсеге чейин төмөндөсө, дунгандар, еврейлер, удмурттар жана хемшилер бул аймактан толугу менен көчүп кеткендиги маалым болду (диаграмма №3).

**Диаграмма №3**. *Жалал-Абад облусундагы этностордун сандык көрсөткүчтөрү*





Жогорудагы диаграммада көрүнүп тургандай аймактагы жети улуттун өкүлдөрүндө табигый өсүү байкалган, акыркы 20 жылдын ичинде кытай, араб, Индия жана Пакистан элдери сандык жактан жогорулап бара жаткандыгы алардын ЖОЖдо билим алууга, соода сатык жана тигүүчүлүк багытын көздөп келгендер экендиги маалым болду. Калган улуттарда калктын

сандык жактан жылдан-жылга кескин төмөндөшү жана аймактагы социалдык-экономикалык жагдайлардын терс таасири тийгендиги аныкталды.

Ош облусундагы 1989-2022-жылдар арасында жалпы калктын сандык өсүүсү - 105,27% ды түзүп, анын ичинен, кыргыздар - 111,35% га, өзбектер - 102,58% га, тажиктер - 94,51% га, казактар - 60% га, түрктөр - 43,32% га, уйгурлар - 23,62% га, дунгандар - 10.0% га, түркмөндөр - 42 эсеге чейин жогорулаган. Ошону менен катар эле башка улуттардын саны төмөндөгөнүн байкоого болот, мисалы, татарлар - 8 эсе, орустар - 7 эсе, азербайжандар - 13% га төмөндөгөн (диаграмма №4).

**Диаграмма №4**. *Ош облусундагы этностордун сандык көрсөткүчү.*





Диаграммада көрүнүп тургандай, Ош облусунда сегиз улуттун өкүлдөрү сандык жактан көбөйгөнү менен, калган улуттардын калкынын саны азайгандыгы байкалган. Ал социалдык-экономикалык жагдайлардын таасиринде, миграциялык процесстерге дуушар болгондугу менен түшүндүрүлөт. Бул аймактагы кээ бир улуттардын тарыхый мекенине көчүп кетүүсү жогору болгондугу жана учурда анын уланып жаткандыгына байланыштуу десек болот.

Ал эми Ош шаары боюнча карай турган болсок 1989-2022-жылдар арасында жалпы калктын өсүү динамикасы - 58,95% га көбөйгөн. Анын ичинен, кыргыз улутундагы калктын өсүү динамикасы - 212,50% га, өзбектер - 45,84% га, Индия жана Пакистан элдери - 31 эсе, түркмөндөр - 3,7 эсе, кытайлар - 2 эсе, афгандар - 7 эсе, америкалыктар - 57% га, арабдар - 21% га жогорулаган. Калктын арасында сандык жактан кескин төмөндөгөн улуттарга белорустар жана украиндер - 180 ден 175 эсе, немистер, башкырлар, молдовандар, армяндар, чуваштар, дунгандар жана гректер – 50 дөн 15 эсеге, корейлер, орустар, курддар, уйгурлар, казактар, азербайжандар, түрктөр жана татарлар - 12 ден 2 эсеге чейин азайган (диаграмма №5).

Ош облусунда улуттар аралык маселелер жаралгандыгын тарых барактагы тастыктайт. А.Асанканов жана А.Эркебаев тарабынан жазылган эмгекте 2010-жылы Кыргызстандын түштүгүндө болгон каргашалуу июнь окуялары, алардын өбөлгөлөрү, келип чыгышы жана таасири каралып, улуттар аралык кагылышуунун социалдык-экономикалык, саясий

себептерин жана кесепеттерин талдоо боюнча бир топ иштер жасалган (Асанканов и Эркебаев, 2023, 400 с.).

**Диаграмма №5**. *Ош шаарындагы этностордун сандык көрсөткүчү*




Ош шаарындагы улуттардын арасындагы калктын санынын динамикасында акыркы 20 жылдын ичинде 7 улуттун өкүлдөрү - кытай, түркмөн, афгандыктар, америкалыктар, арабдар, Индия жана Пакистандык элдер көбөйгөн. Кескин түрдө шаардан орустар, уйгурлар, корейлер, украиндер, немистер, белорустар, башкырлар, молдовандар, армяндар, чуваштар, дунгандар жана гректер азайууга дуушар болушкан. Бул көрүнүштө шаардагы социалдык-экономикалык факторлордун таасиринин негизинде ишке ашкан миграциялык процесстердин бүгүнкү күнгө чейин уланып келгендигин белгилеп кетүүгө болот.

**Корутунду.** Жогорудагы статистикалык маалыматтардын жана этносоциологиялык материалдардын сандык көрсөткүчтөрүнүн негизинде изилденүүчү аймактагы этногеографиялык, этнодемографиялык жана миграциялык процесстерге карата төмөндөгү жыйынтыктарды чыгарып, сунуштарды берүүгө болот.

- Кыргызстандын түштүк аймагында калктын сан жагынан жыш орун алуусу калктын өсүү динамикасында этнодемографиялык айырмачылыктар бар экендигин тастыктайт.
- Жалпы калктын, анын ичинен этностордун географиялык орун алуусу, каада-салты, үрп-адаты, туткан дини жана соцалдык абалы калктын өсүүсүнө түз жана кыйыр таасир эткендиги байкалды.
- Жогорку квалификациялуу адистердин (врачтар, инженерлер, окумуштуулар, экономисттер, аграномдор ж.б.) аймактан башка аймактарга миграцияланышы, аны менен айыл аймактарында бул багыттагы адистерге муктаж болуу маселесинин келип чыккандыгы маалым болду.
- Акыркы 30 жыл ичинде аймактагы социалдык-экономикалык жана саясий туруксуздуктан, көпчүлүк улуттар өз тарыхый мекенине көчүп кетүүгө аргасыз

> болгон. Бирок ага карабастан учурда изилденүүчү аймактагы кактын өсүүсү кылымдар бою Фергана өрөөнүндө жашап келе жаткан кыргыз, өзбек жана тажик этносторунун негизинде табигий өсүү жогору болугондугун маалымдайт.

Изилденүүчү аймакта учурдагы этнодемографиялык маселелерди калыбына келтирүү үчүн төмөндөгү иш чараларды ишке ашыруу зарылдыгы келип чыгат. Азыркы коом улуттар аралык мамилелерге байланыштуу ар кандай чакырыктарга жана көйгөйлөргө туш болууда. Улуттук, маданий айырмачылыктар, тилдик тоскоолдуктар жана социалдык теңсиздиктер улуттук топтордун ортосундагы чыр-чатакка, дискриминацияга жана ишенбөөчүлүккө алып келиши мүмкүн. Бул маселелерди алдын алуу үчүн учурда Кыргыз Республикасынын 2018-2040-жылдарга өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы да ишке ашырылып жатат (https://www.gov.kg/ky/programs/8).

Ал Кыргызстандын жарандарынын бирдиктүү коомчулугун – кыргыз жараны, маданий, этникалык жана диний айырмачылыктарына карабастан, өлкөнүн ынтымагын чыңдоо ниети менен бириккен суверенитет жана өлкөнүн жыргалчылыгы жана бардык этностук жамааттарды бириктирип, алардын этномаданий өзгөчөлүгүн сактап турган жалпы жарандык иденттүүлүк болуп саналууга негизделген “Кыргыз жараны” Концепциясынын өзгөчөлүгү конкреттүү стратегиялык милдеттер аныкталып, документте ишке ашыруунун механизмдери жана баалоолору (мониторинги) да көрсөтүлгөн (https://cbd.minjust.gov.kg/430346/edition/1253187/kg). Бул иштелип чыккан Концепция улуттар арасындагы ынтымактыкты жана ар бир улуттун маданиятын сактап калууга көмөктөшүүдө.

Этностор аралык мамилени жакшыртуу боюнча Кыргызстандын улуттук саясатын талдоого арналган кезектеги эксперттик сессия 2023-жылдын апрель айында «Берлек-Биримдик» геосаясий изилдөөлөр борбору жана «Юрта - 2023» Евразиялык миссиясынын үчүнчү этабын ишке ашырууну аяктады. Бул долбоор Россиянын, Казахстандын, Кыргызстандын жана Өзбекстандын улуттук саясатына эксперттик талдоо жүргүзүүгө, ошондой эле, бул мамлекеттердин оң тажрыйбаларын эске алуу менен улутчулдукка каршы туруу боюнча сунуштарды иштеп чыгууга багытталган. Анын катышуучулары Уфа, Бишкек, Ош жана Токмок шаарларынан этнологдор, социологдор, саясат таануучулар, философтор жана башка адистер болуу менен аймактагы улуттардын биримдигин чыңдоо боюнча сунуштарын беришкен (http://berlek-nkp.com/meropriyatiya-obschie/11890-yurta-2023-pozitivnyy-opyt-nacionalnoy-politiki-kyrgyzstana.html).

Ошону менен катар Кыргызстан элинин Ассамблеясы Кыргызстан элинин биримдигин чыңдоо маселелеринде мамлекеттик органдар жана этномаданий борборлор менен өз ара аракеттенүү боюнча консультациялык-кеңеш берүүчү орган болуп саналуу менен улуттар аралык тынчтыкка, ынтымакка жана элдин биримдигине кызмат кылат.

Демек, учурда улуттар аралык мамилелерди гармониялаштыруу механизмин өркүндөтүү социалдык стабилдүүлүккө жана коомдун өнүгүшүнө жетишүү үчүн зарыл болгон төмөндөгү себептерди атап өтүүгө болот:

- этностор аралык мамилелерди бузулушу, алардын маданиятынын же диндин айырмачылыгынан улам келип чыгышы мүмкүн. Андыктан, кандай гана учур болбосун, чыр-чатакты жана зомбулукту алдын алууда, улуттук топтордун өз ара аракеттенүүсү жана

кызматташуусу үчүн шарттарды түзүүдө коомдогу тынчтыкты жана туруктуулукту чыңдоого жардамдашуу зарыл;

- улуттар аралык социалдык ынтымакты чыңдоо, өз ара мамилелерди жакшыртуу ар улуттун өкүлдөрү бирге окуп, иштеп, чогуу жашаганда, бири-бирин жакшы түшүнүшүп, урматтап, жалпы максаттарга жетишүүгө шарт түзүлөт;

- аймактагы этностор аралык мамилелерди жакшыртууда ар бир улуттук топтун өз маданиятын, тилин жана каада-салттарын сактоо, өнүктүрүү мүмкүнчүлүгү болгондо, бул жалпы маданий чөйрөнү толеранттуу жана көп түрдүү коомду түзүүгө өбөлгө болот.

- дискриминацияны жана теңсиздикти жоюуда улутуна карабастан бардык жарандарга бирдей мүмкүнчүлүктөрдү жана укуктарды түзүү үчүн коомдо адилеттүүлүктү жана теңчиликти камсыз кылуу зарыл.

- маданий ар түрдүүлүктү урматтоо жана дискриминацияга жол бербөө менен улуттун өзүнүн уникалдуу маданияты, тили, үрп-адаттары жана баалуулуктары бар экенин түшүнүү, аларды сыйлоо жана сактоо маанилүү.

- өз ара урматтоо, сабырдуулук, мүмкүнчүлүктөр жана укуктар боюнча башка улуттардын көз карашын уга билүү жана сыйлай билүү, ошондой эле, кызматташуу зарыл.

- калктын курамындагы этностордун миграциялык агымын азайтууда жумушсуздукту жоюу жана иш менен камсыздоо боюнча мамлекеттик деңгээлде атайын программаларды иштеп чыгуу, айрыкча айыл жерлеринде чакан жана орто ишканаларды ачуу учурдун негизги талабы болууда.

- жаңы демографиялык саясаттын жакынкы милдеттери, миграцияны, өзгөчө ички миграцияны жөнгө салуу, алыскы жана тоолуу аймактардын айыл тургундары үчүн жумуш орундарын түзүү, ар кандай социалдык жеңилдиктерди (пенсиялар, жөлөкпулдар ж.б.) берүү.

Бул принцип улуттар арасындагы стереотиптерди, "Латенттүү" абалдын, жек көрүүлөрдү жана терс көз караштарды жоюуга көмөктөшүп, этностор аралык мамилелерди гармониялаштырууда маанилүү роль ойнойт. Ошондой эле, улуттардын ортосундагы объективдүү жана адилеттүү өз ара аракеттенүүдө жардам берет. Ошону менен катар аймактагы негизги көйгөйлөрдүн бири – улуттар аралык конфликттердин жана чек арага жакын жайгашкан улуттук топтордун ортосундагы тирешүүлөрдүн болушу. Буга тарыхый карама-каршылыктар, аймактык талаш-тартыштар, маданияттын жана диндин айырмачылыктары жана башка факторлор себеп болушу мүмкүн. Мындай чыр-чатактарды чечүү диалогду, өз ара түшүнүшүүнү жана компромисстерди издөөнү талап кылат.

Теңсиздик жана дискриминация, билимдин жана маалыматтын жетишсиздиги, саясий жана экономикалык кызыкчылыктар, кээ бир тоскоолдуктар жана чакырыктар, коомдун жана айрым жарандардын күч-аракети жана кызматташуусу - сүйлөшүүлөргө, урмат-сыйга жана өз ара түшүнүшүүгө, улуттар аралык мамиледе ынтымак, адилеттүүлүкө багыттоо - учурдун негизги талабы болууда. Ошондой эле, калкты социалдык жактан колдоо, иш менен камсыздандыруу, демографиялык саясатты жөнгө салуу менен изилденүүчү аймактагы миграция боюнча маселелерди чечүү максатка ылайык. Жалпысынан, этностор аралык мамилелерди шайкеш келтирүү механизмин өркүндөтүүдө ар бир адам улутуна карабастан, мамлекеттин биримдиги жана анын келечегине жоопкерчиликтүү мамиле кылуусу зарыл.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Алайчиев, Э.К. (2011). Кыргызстандын түштүк аймагындагы демографиялык маселелер [Текст]. Ош: Б.и., 116 с.
2. Асанканов, А., & Эркебаев, А. (2023). Межэтнический конфликт в июне 2010 года на юге Кыргызстана: причины, обстоятельства, хронология, последствия, принятые меры и уроки [Текст]. Бишкек: Улуу Тоолор, 400 с.
3. Gulnaz Chynykeeva. (2020). The Southern Region of Kyrgyzstan: Modernity and Ethnic-Demographic Development. Open Journal of Social Sciences, 8, 1–12.
4. Чыныкеева, Г.Э. (2016). Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык процесстер (Жалал-Абад облусундагы этносоциологиялык изилдөөлөрдүн негизинде). Б.
5. Жоробеков, Ж. (1996). Этнодемографические процессы в Кыргызстане (вчера, сегодня, завтра) [Текст]. Бишкек: Илим, 246 с.
6. Жоробеков, Ж. (1998). Этнодемографические процессы и вопросы этнополитики в Кыргызстане [Текст]: дис. д-ра политол. наук: 23.00.02. Алматы, 293 с.
7. Кыргыз Республикасынын Статистика комитети. (n.d.). https://stat.gov.kg/ru/
8. Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык процесстер (Баткен, Жалал-Абад жана Ош облустарындагы этносоциологиялык изилдөөлөр) долбоору боюнча экспедициянын материалдары. (2024).
9. Кыргызстандын түштүгүндөгү миграциялык жана этнодемографиялык процесстер (Баткен, Жалал-Абад жана Ош облустарындагы этносоциологиялык изилдөөлөр) боюнча долбоордун жалпы материалдары. (2019–2021). 300 с.
10. Кыргызстандын түштүгүндөгү миграциялык жана этнодемографиялык процесстер (Баткен, Жалал-Абад жана Ош облустарындагы этносоциологиялык изилдөөлөр) боюнча долбоордун жалпы материалдары. (2019–2021). 300 с.
11. 2022-жылдагы Кыргыз Республикасындагы эл жана турак-жай фондун каттоо: II-китеп (Биринчи бөлүк) таблицаларда: Кыргызстандын калкы. (2023). Б., 381 с. ISBN 978-9967-28-708-2, с. 93.
12. http://berlek-nkp.com/meropriyatiya-obschie/11890-yurta-2023-pozitivnyy-opyt-nacionalnoy-politiki-kyrgyzstana.html. «Юрта»-2023: Национальная политика Кыргызстана – единство народа и межэтнических отношений.
13. https://cbd.minjust.gov.kg/430346/edition/1253187/kg
14. https://www.gov.kg/ky/programs/8